*УДК 398*

*Акимжан А./КЫРГЫЗСТАН/*
*Akimzhan A. /KYRGYZSTAN/*

# КОМПОЗИТОР ЖАНА ФОЛЬКЛОРЧУ АКИМЖАН ЖЭЭНБАЙДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЧАБЫТЫ (ЖЭЭНБАЕВ)

# ТВОРЧЕСТВО КОМПОЗИТОРА И ФОЛЬКЛОРИСТА АКИМЖАНА ЖЭЭНБАЯ (ДЖЕЕНБАЕВ)

# THE ARTISTIC LEGACY OF COMPOSER AND FOLKLORIST AKIMZHAN ZHEENBAI (DZHEENBAEV)

**Аннотация.** Бул изилдөө иште Акимжан Жээнбайдын чыгармачылыгына кайрылуу, учурдагы кыргыз музыка таануу илиминде 70-80-жылдардагы композиторлордун чыгармачылыгына арналган иштер, студенттик иштерден башка дээрлик жок болгондугу менен тушүндүрүлөт. Ошол эле учурда, 60-жылдардын аягында жана 70-жылдардын башында искусствого келген көптөгөн таланттуу композиторлордун чыгармачылыгы – Сатылган Осмонов, Асан Мурзабаев, Эсенгул Жумабаев, Жылдыз Малдыбаева, Владимир Гусев… жана жаш муун композиторлорунун ишмердүүлүгү изилдөөгө чоң кызыгууну жаратат. Бул музыканттардын ар бири өзүнүн жеке чыгармачыл стилине, чоң көркөм потенциалга, көп түрдүү кызыкчылыктарга, кеңири жана ар тараптуу мурастарга ээ. А. Жээнбайдын музыкалык чыгармалары да талашсыз кызыгуу жаратат, ал көптөн бери өз угармандарын тапкан жана республикада кеңири белгилүү (айрыкча хор, ыр жана камералык-аспаптык чыгармалары). А. Жээнбайдын чыгармачылыгына бир катар макалалар жана рецензиялар республикалык жана эл аралык газеталарда, журналдарда арналган, «Кыргызстан композиторлору» маалымдамасында кыскача биографиялык очерк берилген. (Кийин, ушул изилдөөнүн автору (Алтынай Акимжан) «Кыргыз композиторлору жана музыка иликтөөчүлөр» маалымдамасына кеңири жазган). А. Жээнбайдын музыкасы тууралуу байкоолор макалаларда жана монографияларда кездешет. Бирок, ушул күнгө чейин алардын биринин да, анын ичинде Акимжан Жээнбайдын да чыгармачылык жолу жана ишмердүүлүгүнө арналган бир да монографиялык иш жок. Бул боштукту ушул изилдөө ишинин автору толтурууга аракет кылды. Жазуу учурунда жарыяланган материалдардагы айрым байкоолор, автордун жеке байкоолору, композитор менен көптөгөн маектерден алынган фактикалык маалыматтар, ошондой эле, анын чыгармаларынын талдоосунун жыйынтыктары колдонулду.
Шексиз, композитор жана фольклорчу Акимжан Жээнбайдын чыгармачылыгы мындан ары дагы терең изилдөөгө арзыйт.

**Негизги сөздөр.** Композитор, фольклорчу, педагог, чыгармачылык, музыкалык искусство, элдик музыка

**Аннотация.** Обращение к творчеству Акимжана Жээнбая в данной работе обусловлено тем, что в современном кыргызском музыкознании почти отсутствуют работы, посвященные деятельности композиторов 70-х – 80-х годов, за исключением нескольких студенческих работ. Между тем, творчество многих талантливых композиторов, пришедших в искусство в конце 60-х в начале 70-х годов – Сатылгана Осмонова, Асана Мурзабаева, Эсенгула Джумабаева, Жылдыз Малдыбаевой, Владимира Гусева..., не говоря уже о композиторах более младшего поколения, представляет большой интерес для исследования. К тому же творчество названных композиторов знаменует собой важный этап в развитии кыргызской профессиональной музыки. Каждый из этих музыкантов обладает индивидуальным творческим стилем, большим художественным потенциалом, многообразием интересов, обширным, разножанровым наследием. Несомненный интерес представляют музыкальные сочинения А. Жээнбая, которые давно уже обрели своих слушателей и пользуются большой популярностью в республике (особенно его хоровые, песенные и камерно-инструментальные сочинения).

Творчеству А. Жээнбая посвящен ряд статей и рецензий в республиканских и международных газетах и журналах, краткий биографический очерк в справочнике «Композиторы Киргизии». (Позже, автор данного исследования (Алтынай Акимжан) дала более полную информацию в справочнике «Кыргыз композиторлору жана музыка иликтөөчүлөр»). Некоторые наблюдения о его музыке содержатся в статьях и монографиях. Однако до сих пор нет ни одной монографической работы, посвященной жизненному пути и творческой деятельности ни одного из них, в том числе и Акимжана Жээнбая. Этот пробел и попыталась восполнить автор настоящей работы. При ее написании были использованы некоторые наблюдения, содержащиеся в опубликованных материалах, личные наблюдения автора, фактические данные, почерпнутые из многочисленных бесед с композитором, а также результаты анализа его сочинений.

Несомненно, творчество композитора Акимжана Жээнбая заслуживает дальнейшего исследования.

**Ключевые слова:** Композитор, фольклорист, педагог, творчество, музыкальное искусство, народная музыка.

**Abstract.** The appeal to the work of Akimzhan Zheenbai in this work is due to the fact that in modern Kyrgyz musicology there are almost no works devoted to the activities of composers of the 70s – 80s, with the exception of several student works. Meanwhile, the work of many talented composers who came to art in the late 60s in the early 70s – Satylgan Osmonov, Asan Murzabaev, Esengul Dzhumabaev, Zhyldyz Maldybaeva, Vladimir Gusev, not to mention composers of a younger generation, is of great interest for research. Each of these musicians has an individual creative style, great artistic potential, a variety of interests, a vast, diverse heritage. Of undeniable interest are the musical compositions of A. Zheenbai, who has long gained their listeners and are very popular in the republic ( especially his choral, song and chamber-instrumental compositions). A. Zheenbai`s work is devoted to a number of articles and reviews in republican and international newspapers and magazines, a short biographical essay in the handbook «Composers of Kyrgyzstan». Some observations about his music are contained in articles and monographs. This gap was tried by the author of the present work. When writing it, some observations contained in published materials, the author`s personal observations, factual data drawn from numerous conversations with the composer, as well as the results of analysis of his works were used. The purpose of the work is the author`s desire to explore in a more detailed form the composer`s life path, the evolution of his style and creativity with an analysis of the most significant and indicative works for the musician.
Undoubtedly, the work of composer Akimzhan Zheenbai deserves further study.

**Keywords:** Composer, folklorist, teacher, creativity, musical art, folk music

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирен ишмер, композитор, педагог, фольклорчу, эл аралык жана республикалык конкурстардын жеңүүчүсү, эл аралык А. Малдыбаев жана республикалык М. Абдраев, К. Молдобасанов атындагы сыйлыктардын лауреаты Акимжан Жээнбай өзүнө гана тиешелүү жазуу ыкмасы бар, чыгармачылыктагы жетишкендиктерин 70–80 жылдары жогорку деңгээлде көрсөтө алган кыргыз композиторлорунун ортоңку муунуна кирет. Угуучулардын көңүл кушун бурган анын музыкасы – концерттерде, фестивалдарда аткарылып, радиодон уктурулуп, сыналгыдан байма-бай көрсөтүлүп турат. Анын чыгармачылыгы кыргыз элинин турмушу, жан дүйнөсү менен терең тыгыз байланышта. Композитордун музыкасынан элдик ырдоонун жана аспаптык кайрыктардын байыркы үлгүлөрү болгон арман, кошок жана комуз күүлөрүн туюуга болот. А. Жээнбайдын музыкасынын эстетикасы – композитордун дүйнө кабылдоосунун өзгөчөлүгүн, анын темпераментин, ошондой эле анын ачык-айрым, ак-көңүл, айттырбай билген мүнөзүн чагылдырат.

Композитор Акимжан Жээнбайдын чыгармачылыгын изилдөө маселеси, анын жашап өткөн өмүр жолун билүү маселеси бүгүн болбосо качандыр бир убакта козголо турган иш. Анткени, композитор А. Жээнбай

дүйнө жүзүнө мурда болуп көрбөгөндөй кыргын алып келген Ата-Мекендик согуштун экинчи тайпадагы майыбы, Совет элинин, анын курамындагы кыргыз элинин кырчындай жигиттери менен кошо колуна курал алып, немецтик фашисттердин кара күчтөрүнө каршы туруп, согуш майданында баатырларча эрдик көрсөткөн, Советтер Союзунун орден жана медалдарына ээ болгон азамат жоокер Абдрахманов Жээнбайдын уулу. Композитордун өмүр жолунда кыйынчылыктар болбой койгон жок. Акимжан тынчтык убакта төрөлгөнү менен балалык кезинен согуштан буту-колдорунан ажыраган адамдарды көрүп, балдары согуштан кайтпай калган ата-энелерди, күйөөлөрү келбей калган келиндерди көрүп, алардын күйүттөн кошкон кошокторун угуп чоңойду. Согуштан жарадар болуп келген атасынын кыйналган учурларын көрүп, апасынан эрте ажырап, интернатта тарбияланып, жаш кезинен кайгынын уусун татып калган Акимжан, адамдардын кайгысын тең бөлүшүүнү үйрөнгөн. “Балалык кезди эскерүү” симфониялык сүрөттөмөсүндө, “Согуш апааты” – деген ырында, “Аталар” аттуу хорунда бала кезде согуш тууралуу укканы – сезиминин түпкүрүндөгү согушка болгон ызасы кийин көркөм музыка болуп жаралган. Ошондуктан энелерге, согуш тематикасына кайрылып жазган чыгармалары музыка угуучуларды кайдыгер калтырбайт. Белгилүү музыка изилдөөчү А. Кузнецов өзүнүн композитор жөнүндө жазган макаласында: “Музыка композитора всегда идет от сердца – она выстрадана им. Ей присущ подлинный драматический пафос и эмоциональный накал”[1] – деп жазган.

Композитордун музыкасынын көпчүлүк барактары трагедия менен драматизмге толгон. Композитордун чыгармачылык сандыгында симфониялык, аваздык-симфониялык, камералык, хордук, фортепианолук, элдик аспаптарга арнап жазылган чыгармалар, ырлар, ошондой эле спектаклдерге, көркөм, даректүү жана мультипликациялык фильмдерге жазылган музыкалары бар. А. Жээнбайдын чыгармачылыгында басымдуу орунду атуулдук тематика ээлейт. Бул жагынан А. Жээнбай классикалык искусствонун салтын улап, улуттук жана жалпы адамзаттык музыканы айкалыштырган. Мисалы, композитордун “Ата-Бейит” аваздык-симфониялык кошогун, “Сениби согуш, сениби!” аваздык-симфониялык балладасын, Аралаш хор а капелла үчүн “Күү-Дастан” поэмасын, “Аза-Күтүү” кошогун айтса болот.

Композитордун чыгармалары бүгүнкү күндө да өзүнүн милдетин аткарып коомго кызмат кылууда. Мисалы, А. Жээнбайдын аралаш хор акапелласы жана добулбас үчүн жазылган “Айкөл Манас” урааны Манас эпосунун 1000 жылдык майрамынын бет ачарында Т. Сатылганов атындагы филармониянын чоң залында аткарылган. Ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин далай мамлекеттик, республикалык жыйындарда, концерттерде аткарылып, радио жана телевидениеден түшпөй келет. Чыңгыз Айтматовго арналган аралаш хор акапелла үчүн жазылган “Күү-Дастан” поэмасы Ч. Айтматовдун 60 жылдык юбилейинде аткарылып, андан бери сахнадан түшпөй аткарылып келет. Эрнис Турсуновдун сөзүнө жазылган “Ата-Бейит” аваздык-симфониялык кошок Ата-Бейит –мемориалдык комплексинде, митинг-реквиемдерде, филармонияда, радио-телевидениеде 1937-1938-жылдардагы репрессиянын курмандыктарын эскерип берилип турат. “Аза-Күтүү” 2010-жылкы Оштогу жана Бишкектеги шейит кеткендерге арналган. Жыл сайын 7-апрелде жана 10-июнда радио жана телевидениеден элге уктурулуп турат.

Композитор жана фольклорчу Акимжан Жээнбайдын киндик каны тамган кичи мекени – Ош облусуна караштуу, айтылуу Ноокаттын Төөлөс айылында Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, эрдиги менен СССРдин орден жана медалдарына татыктуу болгон – жоокер Абдрахман уулу Жээнбайдын үй-бүлөсүндө туулган. Балалыгынын байкоо, байчечекей жылдары “Сиз” – деп сыпайы сүйлөшкөн, меймандос, колдорунан көөрү төгүлгөн эмгекчил, жөпжөнөкөй эли бар, көркөмүнө көз тойбогон, аскасын жара тээп, дарыя болуп агып чыккан Абшыр-Ата шаркыратмасы бар жерде өткөн. Кум-Бел менен

[1] Кузнецов. А. Молодые композиторы-песенники. – Вечерний Фрунзе. 1985, 16 дек.

Алтын Казыгында бүркүтү шаңшып, аркар-кулжалары мекендеген, гүл жыттанган талааларында жанбагарлары, арча жыттуу тоолорунда мал багаары жашаган, кыяк тартып, комуз чертип, санат жана ашыктык ырларын созолонто ырдашкан шайырлары бар, "Кучагы толгон ооматка, куш келиңиз Ноокатка" деген урааны бар берекелүү Ноокаттын аймагында өттү.

Тагдырдын жазмышы менен эми эле 11 айлык болгондо апасы Айымтилла катуу оорудан турбай калат. Апасы көз жашын көл кылып, аргасыздан чоң энеси Айкандын колуна өз колу менен тапшырып жатып: "Айланайын эне! Акимжанды сизге, сизди Кудайга тапшырдым" – деген эң акыркы өтүнүчүн айтып, оюн менен күлкүгө, жашоо кумарына канбай турган, кырчындай отуз жаш курагында үч баласын кайненесине калтырып о дүйнө сапар тартып кете берген экен. Ошондон болсо керек, Акимжан алгачкы обондуу "Апа, көп сагынба" – деген ырын эне сүтүн бербесе да элик сүтүн берип асырап алган чоң энеси Айканга арнаган. Ал чыгарманы СССРдин эл артисти, Кыргыз Республикасынын эл артисти Кайыргүл Сартбаева симфониялык оркестрдин коштоосунда репертуарынан түшүрбөй ырдап жүрөт. Бул чыгарма энелердин ыйыктыгын даңазалаган гимн сыяктуу. Композитордун "Апа, көп сагынба", "Апакем" аттуу ырлары энеге болгон кусалык-армандын, эненин сулуулугун, айтып бүткүс мээримин даңазалаган ырлардан экендиги да бекер жеринен эместир.

Акимжан – Кеңеш, Өрнөк, Караван жана Шакафтардын мектептеринде окуду. Ал эми Кызыл-Кыя шаарынын №1 жумушчу жана жаштардын кечки орто мектебин №2 кесиптик-техникалык окуу жайы менен бир учурда бүтүрүп, Баткендин Ак-Турпак, Кара-Кулжанын өзүндө жана анын айылдарында электрик болуп эмгектенет. Шакафтар менен Кызыл-Кыяда үйлөмө жана кыл аспаптар оркестрлеринин курамына кирген труба жана мандолина аспаптарында ойноп жүргөндүгү – Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыкалык факультетинде окуусуна өбөлгө болду. Ушул окуу жайына тапшырганы да музыканы бийик искусство катары баалап калгандан улам болду. Музыка аркылуу ойду, ички сезимдеги бууккан абалды айта билүүгө болоорун түйдү. Үйлөмө аспаптарда же фортепианодо ойнойбу, кээде ырдап калганда, айтчу оюн музыкада айтып алгандай жеңилдей калат. Музыкалык факультетте А. Ленгард, С. Дүйшөналиев сыяктуу элдик музыкадан тарта дүйнөлүк баалуулуктарды мыкты билген адистерден окуду. Билимди дагы да өркүндөтүү керек экендигин сезген Акимжан борборубуздагы М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын, Б. Бейшеналиева атындагы Мамлекеттик искусство институтунун композитордук бөлүмдөрүн ийгиликтүү бүтүргөн. Ушул окуу жайларында окуп жатып поэзия, драматургия, көркөм сүрөт искусство, опера, балет, дүйнөлүк музыканын түрлөрүн, анын өкүлдөрүн таанып билип тарбия алды. Кыргыздын атактуу композиторлору М. Абдраев, А. Жаныбеков, К. Молдобасанов, Т. Эрматов, С. Осмонов музыканын философиясын, асылдык баалуулуктарын таанытып, музыка жазуунун техникасынан тарта кооз, көркөмдүктөрүн, баалуулуктарын үйрөтүштү. Музыка сынчылары жана изилдөөчүлөр А. Кузнецов жана В. Ромадан музыканын теориялык жана практикалык жагдайларын окуп билди.

Акимжан Жээнбай Кыргыз Мамлекеттик телерадио комитетинде Башкы музыкалык редакциясында иштеген учурларда элдин табитин, эстетикалык көркөмдүүлүгүн арттырууда музыканын ролу чоң экендигин баамдады. Дүйнөлүк жана кыргыз музыкасынын мыкты үлгүлөрүн мекендештерге жеткирүүдө радионун "Алтын казынасын" жаңы чыгармалар менен толуктоодо башкы редактордун орун басары болуп жигердүү эмгектенди. А. Жээнбай композитор катары музыканын түрдүү жанрларында үзүрлүү эмгектенип, кыргыздын профессионалдык музыкасына өз үлүшүн кошуп келет. Анын чыгармалары Ленинград (Санкт-Петербург), Москва, Киев жана Ташкенттин китеп басмаканаларынан чыгып, улуттук радиобуздун "Алтын казынасынан" орун алган. Ал "Манас – 1000" жана Ош шаарынын 3000 жылдык маарекелерине арналган оюн-зоокторго музыка жазган авторлордун бири.

Акимжан Жээнбай чыгармачылык чабыты кенен композитор. Комуздун кош-

тоосундагы обондуу ырлардан тартып фортепианонун, эл аспаптар оркестринин, симфониялык оркестрдин коштоосундагы ырларды, чопо чоор, сыбызгыдан баштап симфониялык оркестрдин курамына кирген музыкалык аспаптар үчүн түрдүү ансамблдик музыкаларды жазган. Ал студенттик кезинде эле фортепиано үчүн жазган “Беш кербез” аттуу түрмөгү үчүн биринчи орунду алып, конкурстун жеңүүчүсү болгон. 1979-жылы Украинанын “Музична Украина” басмасынан Д. Шостакович, С. Прокофьев, А. Хачатурян, Р. Щедрин жана башка атактуу композиторлордун чыгармаларынын катарында А. Жээнбайдын “Чоң кербез” аттуу фортепианолук чыгармасы да алардыкы менен бир жыйнакта басылып чыккан.

1979-жылы Жеңиштин 35 жылдыгына карата өткөрүлгөн конкурста А. Жээнбай “Аталар” (сөзү К. Исаковдуку) аралаш акапелла үчүн 1-орунду, “Эстелик сүйлөйт” аялдар акапелласы үчүн 2-орунду жеңип лауреат аталган.

Аталар түбөлүккө тирүүсүңөр,
Кыздардын колундагы гүлүсүңөр.
Кыялдын канаттарын күүлөндүрөр,
Комуздун мукам назик үнүсүңөр.

Бул төрт сап казал “Аталар” акапелласынан. Ар бир чыгарманын өзүнүн тагдыры болот. Чыгарма Ата Мекендик согуштан кайтпай калган аталарга арналган. Бул чыгарма кайсыл аудиторияда аткарылбасын, угуучуларды толкундатпай койбойт. “Аталар” орусча которулуп, Кыргызстанда гана эмес Советтер Союзунун көптөгөн республикаларында да аткарылган. Өзбекстандын Мамлекеттик хор акапелласы Өзбекстандын Эл артисти Баатыр Умеджановдун жетекчилигинде Ташкент, Самарканд, Анжиян, Наманган жана Фергана өрөөнү боюнча гастролго чыкканда жана хор искусствосуна арналган СССР Композиторлор союзунун башкармалыгынын хор искусствосунун мекени, миңдеген артисттер сыйган “Ыр талаасы” бар, хор өнөрүн өтө аздектеген Эстониянын борбору Таллин шаарында Акимжан Жээнбайдын ушул “Аталар” деген чыгармасы аткарылып, угуучулардын жана кесипкөй музыканттардын купулуна толуп, музыка изилдөөчүлөр, сынчылар тарабынан борбордук басмаларда жакшы пикирлер пайда болгон.

А. Жээнбайдын хордук чыгармаларынын тематикалык жана жанрдык жагынан ар түркүн. Ал көбүнчө баатырдык-патриоттук, улуттук маанайдагы чыгармаларды жаратууга көңүл бурат. Дегеле А. Жээнбайдын чыгармачылыгында хор үчүн жазылган музыка орчундуу орунду ээлейт. Сөз менен обондун көмөкөйдөн чыгышындай кооз музыкалык аспапты адам баласы али ойлоп таба элек. Композитордун ою боюнча ырчынын добушу гана адамдын жан дүйнөсүнүн асылдыгын, байлыгын толук өлчөмдө чагылдыра алат.

Акимжан Жээнбайдын “Уркуя” аттуу симфониялык поэмасы кыргыз кыздарынан чыккан тунгуч коммунист, биринчи колхоз башкармасы, эзүүчү таптарга каршы күрөшкөн жердеши Уркуя Салиеванын трагедиялуу өмүр баянына байланыштуу. “Ар бир сүрөткердин өз мекенин даңктаган асылдары болот. Уркуянын образы, баатырдыгы бала күндөн уккандан эсимен чыккан жок. Институтту бүтүрүп жатканда симфониялык поэманы программалуу бир бөлүмдүү кылып жаздым. Уркуянын баатырдык образы өзөк болду” – дейт композитор.

Симфониялык поэма – соноталык формада жазылган. Ушул алгачкы чыгармасында эле калыптанып калган формадан чыгуу, тоналсыздыкка бет алган учурлар жолугат. Музыка жазуунун жаңы ыкмаларын колдонуп, оркестрлештирүүдө автор өзүнүн стилин табуудагы аракетинин акыбети кайтып Уркуянын жана ага каршы күчтөрдүн образдары таасын ачылган. Бул чыгарма СССРдин эл артисти, Кыргыз эл баатыры, атактуу дирижер Асанкан Жумакматовдун жетекчилиги менен Кыргыз Мамлекеттик симфониялык оркестрдин аткаруусунда концерттерде аткарылып, радионун алтын казынасына жазылган. Чыгарма кыргыз радиосунан байма-бай берилип турат. Уркуянын элге кызмат кылган күлгүн өмүрү көптөгөн кыз-келиндерибизге үлгү боло алган. Анын ысмы кыргыз элинин басып өткөн тарыхын эске салып, ар дайым ардакдаңкка бөлүнө берерине ишенич бар.

А. Жээнбайдын кыргыз элинин көркөм дүйнөсүнө кошкон зор салымдарынын бири элдик фольклорду чогултуп, аны сактап келүүсүндө. Айрыкча композиторлор

союзунда фольклордук кабинетти жетектеп турганда Кыргызстандын бүт областтарын, райондорун кыдырып эл арасында канча деген мыкты үлгүлөрдү жаздырып келди. Токтогул, Атай, Коргоолдун комузун тапты. Муратаалы Күрөңкеев, Саид Бекмуратовдун кыл кыягын алып келди. Аларды консерваторияда кайрадан жа-сатышып, азыр музейде көргөзмөгө коюлган. Элдик музыканын таасиринде композитор катары өзү да музыканын түрдүү жанрларына кайрылып, үзүрлүү эм-гектенип, кыргыздын профессионалдык музыкасына өз үлүшүн кошуп келет.

Элдик ыр "Жарамазан", "Ойдай", "Оп майда", "Шырылдаң" - булардын баары теориялык, практикалык үйрөнүүдөн кийин хор болуп жаралды. "Ар бир региондун аткаруу өзгөчөлүгүн уктум, айырмачылыктарын таптым. Эл арасынан жыйналган күүлөрдүн, ырлардын канчасын радиого жаздырган учурлар болду"- дейт композитор. Чынында эле элдик музыканын таасири Акимжандын чыгармачылыгына өзгөчө таасир эткен. Мисалы, "Күү-Дастанды" алалы. Эки чоң жанрды бириктирип отурат – Күү жана Дастан. Үн аркылуу Күү кайрып, элдик дастандардын таасиринде окуяны баян кылып отурат... Хордун аткаруусунда комуз күүсүнүн чертилиши, темир комуздун кагылышы, арман ырлар куюлушуп, дене боюңду дүркүрөтүп лириканы, драманы, арманды угуп жатканың... Композитор аны улуу жазуучу Ч. Айтматовго арнаганы да бекер жеринен эместир. Анын "Эскерме Кербез", "Терме", "Чоң Кербез" аттуу фортепиано үчүн кайрыктары элдик жанрдын таасиринде болуп, фортепианолук искусствого жаңычалыкты киргизе алды.

Композитор-публицист катары коомдук-саясий кырдаалдарды чыгармаларында чагылдырып, 53 жыл белгисиз болгон реп-рессиянын курмандыктары болгон Жусуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Эркинбек Эсенаманов, Мурат Салиханов, Кожокан Шооруков, ж.б. да 19 улуттун өкүлү 137 чыгаан инсандардын сөөгүн Бүбүра Кыдыралиева апанын айтып берген маалыматы менен таап, аныктап 1991-жылы 30-августта мамлекеттик ишмерлердин сөөгү Чоң-Ташка кайрадан коюлган. Репрессиянын трагедиясы Кыргыз Республикасынын эл акыны Эрнис Турсуновду жана Акимжан Жээнбайды кайдыгер калтырган эмес. "Ата-Бейит" вокалдык-симфониялык кошокто "Эрлер кайтты, шерлер кайтты... Баштар жатат..." деген саптар дал ошол окуяны өз көзү менен көрүп, ыйлап, сыздап турган урпактардын көз жашын толгон драматизм менен жеткирди.

Кошоктун кайрыктары чыгарманын эң аягында маанилүү. Акимжан Жээнбайдын чоң атасы Артык уулу Абдрахман да репрессияга туш келип, Сулайман тоонун түбүндө бай-манап катары атылган экен. "Чоң энем Айкан дайыма эле бир кошокту кошуп, муңканып ырдап отурганы өмүр бою эсимде калды"-дейт Акимжан Жээнбай..."Кийин билдим, көрсө абышкасына кошчу тура... "Ата-Бейит" чыгармамда эң аягында чоң энемдин ошол кошогун коштум" - дейт композитор. 2000-жылы Акимжан Жээнбайдын "Ата-Бейит" вокалдык-симфониялык кошогу "Ата-Бейит" комплекси ачылганда биринчи жолу жазылгандан он жылдан кийин аткарылган. Чыңгыз Айтматов баш болгон акын жазуучулар, репрессиянын курмандыгы болгондордун балдары, туугандары, жалпы эл барышкан. СССРдин эл артисти, академик, Кыргыз эл Баатыры Асанкан Жумакматовдун дирижерлоосунда симфониялык оркестр жана хор бул чыгарманы аткарган. Хормейстерлер, ошол убакта КР маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер Гүлбара Маматова, Валерий Гумбин. Үркүндүн 100 жылдыгына карата мемориалдык комплекстин ачылышында композитордун"Ата-Бейит"аваздык-симфониялык жана "Аза" вокалдык-кошоктору аткарылды.

А. Жээнбай 2016-жыл "Тарых жана маданият" жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгына карата өткөрүлгөн "Атуулдук ырлар - "Кыргызстан-25" конкурсунда "Аалам Чыңгызы" жана "Үркүндүн 100" жылдыгына карата "Эскерме кербез" аттуу чыгармалары байгелүү орунга ээ болду. Учурда Акимжан Жээнбай Калый Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук консерваторияда фольклордук канасын жетектөө менен бирге жаш таланттарга таалим-тарбия берүүдө.

Акимжан Жээнбай кыргыз композиторлорунун согуштан кийинки муунуна тиешелүү. Анын чыгармачылыгынын өнүгүшү XX кылымдын 70-80-жылдарына туш болгон. Композитордук ишмердикти өнүктүрүү үчүн ал убакта мамлекет каражат аяган эмес. Кайра куруунун башталышы менен системанын бузулушу, А. Жээнбай жана анын көптөгөн коллегалары мамлекеттин көнүмүш болуп калган колдоосунан ажырашты жана алардын чыгармачылыгы эч кимге кереги жок болуп калды. Бирок, чыгармачылык гана көптөгөн кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берди. Азыркы учурда А. Жээнбай Кыргызстадын профессионалдык композиторлорунун бири болуп эсептелет. Анын чыгармачылыгы угуучулар тарабынан сүймөнчүлүккө ээ.

Композитор жаңы чыгармачылык пландарга, ойлорго бай. Ал музыка жазуунун аракетинде.

Композитор катары Акимжан Жээнбай эчак эле чыгармачылык жүзүн тапкан. Анын чыгармалары стилинин өзүнчөлүгү, новатордук мүнөзү жана мазмунунун байлыгы менен айырмаланат. Үч баланын атасы, тогуз неберенин чоң атасы, таятасы, үч чеберенин чоң таятасы Акимжан Жээнбай – балдарына камкор ата.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кузнецов А. Молодые композиторы-песенники. – Вечерний Фрунзе, 1985, 16 лек.
2. Маматова Г. Улуттук шыгыр өнөрү. – Кутбилим, 1993, 5 май.
3. Осмонов М. Күү-Дастандын автору Акимжан Жээнбай жөнүндө эки ооз сөз. – Кыргыз туусу, 1993, 24 авг.
4. Роман В. – В кн.: Кыргызская музыкальная литература. – Кыргызстан, 1995, с. 232.
5. Рябов А., Склютовская Т. "А. Джээнбаев. "Чоң кербез". – В сб. Киргизская фортепианная музыка. – Мектеп, Ф., 1983, с. 39.
6. Склютовская Т. Слушая время (Штрихи к портрету) – Советская Киргизия, 1983,17 окт.
7. Алтынай Акимжан Кыргыз композиторлору жана музыка иликтөөчүлөр – Акимжан Жээнбай (Джеенбаев) Маалымдама, Б. «Кербез», 2024, 164 б.